УДК: 809.434.1:894.341

Абдыкеримова А.Э.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# «МАНАС» ЭПОСУНУН ПОЭТИКАСЫНЫН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Макалада «Манас» эпосунун поэтикалык стилин изилдөө, анын көркөм каражаттар системасындагы гиперболалар менен эпитеттердин стилистикалык жана функционалдык ролу кыскача талдоого алынган.*

"Манас" эпосу - кыргыз элинин улуттук сыймыгы, ата-бабаларыбыз өз табылгаларынын алгылыктууларын бүт чогулткан казынасынын милдетин аткарган, укумдан тукумга сакталып келе жаткан улуу мурасы.

"Манас" эпосунун мыкты касиеттери: нечен кылымдар бою эл башынан өткөргөн урунттуу окуяларды чагылдырган терең мазмуну, кеңири окуялары, уккандарга эстетикалык зор ырахат тартуулаган көркөмдүгү, калктын алгылыктуу табылгаларын бүт бойдон ичине сыйдырып турган таалим-тарбия берүүчүлүк, таанытуучулук зор мааниси бул чыгарманы кыргыз эли өзгөчө жогору баалап, ыйык туткан улуу мураска айландырган.

Элдин оозеки чыгармачылыгын изилдөө боюнча атайын көрүнүктүү адис-окумуштуулардын көпчүлүгү кыргыз турмушунун көркөм энциклопедиясы катары жогору баалаган "Манас" эпосу бүгүнкү күндө илим дүйнөсүндө манастаануу деп аталган өз алдынча изилдөө тармагынын объектиси болду. Кыргыз фольклорунун көптөгөн орчундуу проблемалары ушул эпостун олуттуу маселелери, белгилери менен байланыштуу каралып жана чечилип келүүдө.

Бул макалабызда "Манас" эпосунун айрым бир көркөм өзгөчөлүктөрүн иликтөөгө алуу максатын коюлду. Эпостун поэтикалык дүйнөсү өзгөчө бай жана ар түрдүү болгондуктан, бир макаланын алкагында анын бүт бойдон талдоого алуу мүмкүн эмес. Адатта, эпосту изилдеп-үйрөнүүдө негизги көңүл анын идеялык мазмунуна бурулуп, ал эми поэтикалык өзгөчөлүктөрү унутта калып же учкай гана кеп козголуп келе жатканы белгилүү. Бул жааттагы изилдөөлөрдүн алгачкысы да, ушул күнгө чейинки олуттуусу да манастаануучу-фольклорист С.Бегалиевдин эмгеги [2].

Албетте, искусство чыгармасынын идеялык мазмуну биринчи планда турат, бирок анын көркөм өзгөчөлүктөрү да терең жана ар тараптуу изилдөөгө алынышы керек. Негизинен, элдик поэзиянын үлгүсү болгон чыгармалардын көркөмдүк жагы өзгөчө көңүл бурууну талап кылат, анткени элдик поэзия өзүнө гана тиешелүү спецификалык өзгөчөлүктөргө жана мыйзам ченемдүүлүктөргө ээ. Элдик эпос элдик поэзиянын башка түрлөрүнө салыштырганда өзгөчөлөнгөн көркөм системага ээ. Бирок эпостун көркөм системасын элдик поэзиянын башка жанрларынын системасынан бөлүп кароого болбойт, себеби элдик поэзиянын ар кыл түрлөрү өзүнүн стили, образдарынын түзүлүшү жагынан айырмаланганы менен, бир топ жалпылыктарга да ээ.

Элдик баатырдык эпос көркөм кыялга негизделген жана андагы тарыхый кыртышты табуу татаал. Ар бир фольклордук чыгарма эл турмушунун белгилүү бир тарыхый шарттарынан келип чыгат. Жер жүзүндө жашаган бардык элдер тарыхый жалпылыктын негизинде өнүгүүнүн окшош стадияларын басып өтөрү белгилүү. Согуштук демократия доору баатырдык эпостун жаралышы жана көптөгөн элдерде өнүгүүнүн бийик даражасына жетиши менен мүнөздөлөт. Аталган доордун белгилери "Манас" эпосунан байкалат. Ошондуктан айрым окумуштуулардын эпикалык поэзияны тарыхый перспективада кароо жөнүндөгү талаптары адилеттүү. Мына ушундан баатырдык эпостун көркөм каражаттарын да салыштырма-тарыхый планда изилдеп-үйрөнүү зарыл.

Азыркы учурда манастаануу илими кадыресе калыптанып, нукка түшүп калган илим болсо да, эпос поэтикалык көз караштан жеткилең талдоого алына электиги талаш

жаратпайт. Анын себеби катары эпостун түрдүү варианттарынын толук изилдене электигин, айрым бөлүктөрү кайра иштелип чыккандыгын айтууга болот.

Баатырдык эпостун поэтикасынын элдик мүнөзүн аныктоо эпостун мүнөздөмөсүнүн маанилүү моменти болуп саналат. "Манас" эпосунда айтуучулар элдик оозеки поэзиянын бай жана ар түрдүү көркөм каражаттарын чеберчилик менен пайдаланган. Маселен, баатырдык эпостун образдары ар түрдүү көркөм каражаттардын жардамы аркылуу, эпикалык идеализация ыкмасы менен түзүлөт. Мында элдик эпостун поэтикасы өзүнө гана тиешелүү спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ. Анын оозеки аткарылуу мүнөзү, өзгөчө обон жана ыргак менен аткарылышы бөтөнчөлөнгөн поэтикалык ыкмалардын колдонулушун шарттарын С.Бегалиев адилет белгилеген [2:30].

"Манас" эпосунун поэтикалык системасындагы көркөм каражаттар менен көркөм ыкмалардын айрым бир типтүүлөрүн карап көрөлү. Элдик оозеки чыгармалар, өзгөчө, баатырдык эпостор үчүн гиперболалык ыкма кыйла мүнөздүү. Жалпыга белгилүү аныктамасы боюнча, бир бүтүн жеткилең, көркөм образ жаратыш үчүн бир нерсенин күчүн, сырткы келбетин, окуянын маанисин ашкере сүрөттөгөн элестүү көркөм сөз каражаттары гипербола деп аталары белгилүү. Грек тилинен которгондо, «апыртуу, ашырып айтуу» деген маанини туюндурган бул стилистикалык фигура мүнөздү да, кырдаалды да образдык туюндуруу максатында колдонулат. Кээде сыртынан караганда метафорага окшошуп кеткени менен, гипербола метафорадан айырмаланып турат. Тактап айтканда, ал ойдун маңызын образдуу туюндурууга эмес, ойдун предметинин тигил же бул сапаттарын, белгилерин баса көрсөтүп, күчөтүп айтууга багытталган.

"Манас" эпосунда гипербола ар түрдүү формада колдонулган. Поэтикалык гиперболизациянын натыйжасында эпос эмоционалдуу мүнөзгө ээ болгон. Эпосто гипербола элдин ар түрдүү каармандарга жана көрүнүштөргө болгон оң же терс мамилесин туюндуруу үчүн кызмат кылып, чыгармага эпикалык боёк берет. Гиперболалык сүрөттөөгө мисал катары Аккуланын сыпатталышын келтирели:

Чаткаягы чаткалдай,
Жүрө берсе чатына
Жүктүү төө баткандай.
Жамбашы аркан кошкону
Он бир карыш казанды
Ойноп күлүп аскандай.
Боорунун жазысы
Момолой ийин казгандай.
Желип кетсе жүрүшү
Жебенин огун аткандай [3: 114].

Терс каармандарды сүрөттөөдө гротесктик гипербола колдонуларын Жолойдун сүрөттөлүшүнүн негизинде көрсөтүүгө болот:

Эки ийнине караса,
Эки киши конгондой,
Эки бетин караса
Эки даңгыт тойгондой.
Караса көздүн чуңкуру
Казылган кал ороодой,
Көзүндөгү чылпагы
Мергендердин табакка
Кайнатып алган шородой.
Балтыры өгүз белиндей,
Оозунан чыккан илеби
Орто белдин желиндей [3: 183].

Гипербола кубулуштун, предметтин же образдын маанилүү белгилерин аң-сезимдүү түрдө апыртып чоңойтуп сүрөттөө болуу менен, көркөм жалпылоо милдетин аткарат. Мисалы, ошол эле Жолой төмөнкүдөй гиперболалык түрдө жалпылаштырылып сүрөттөлгөн:

Жети каптан буудай жеп
Дан жыттанган чоң Жолой!
Жетимиш дөөнү бир союп
Кан жыттанган чоң Жолой [3:189].

Ошондой эле баатырдык эпостун поэтикасында орчундуу көркөм функция эпитетке таандык болот. Эпитет салттуу стилистиканын кеңири жайылган көркөм каражаты болуп саналат. Эпитет теориясы поэтикадагы маанилүү маселелердин бири катары А.Н.Веселовский, А.А.Потебня, В.В.Виноградов, В.М.Жирмунский баштаган окумуштуулардын эмгектеринде иликтөөгө алынган. Ал эми кыргыз филологиясында эпитеттер С.Бегалиевдин эмгегинде азын-оолак каралып, адабият таануугa киришүү, адабият теориясы боюнча айрым эмгектерде, адабий терминдердин сөздүктөрүндө кыскача гана аныктама берилип жүрөт. Мында да "Манас" эпосундагы эпитеттер боюнча атайын изилдөөлөрдүн жоктугун айта кетүүгө болот.

Кеңири маанисинде эпитет аныктооч, тигил же бул сөздү (түшүнүктү) аныктаган белги катары каралат да, көбүн эсе зат атооч менен айкашкан сын атоочту туюндурат. Бирок сөздүн силистикалык функциясынын көз карашынан алганда, ар бир эле аныктооч эпитет болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло бербейт. Эпитет логикалык аныктоочо карама-каршы коюлуп, түшүнүктүн өзүндө табигый түрдө орун алган касиет-белгилерди көрсөткөн аналитикалык аныктооч менен да дал келбейт. Ал берилген түшүнүктүн берилген контекст үчүн маанилүү, негизги деп табылган белгисин көрсөтүү функциясын ишке ашырат. Эпитеттин жардамы аркылуу субстантивдик аталыш менен белгисинин ортосундагы атрибутивдик карым-катыш жүзөгө ашат. Мында эпитет түшүнүк тууралуу кандайдыр бир жаңы маалымат берүү, туюндурулуштун тактыгын, конкреттүүлүгүн шарттоо эмес, түшүнүккө эмоциялык ыраң-түс берүү максатын көздөйт [1:70]. Демек, эпитет аныкталып жаткан түшүнүктүн типтүү, туруктуу белгисин эмес, окказионалдык, жеке бир аспектилерин чагылдырган белгисин көрсөтөт, мисалы, «айкөл Манас», «чоң Жолой», «чыканактай Эр Агыш», «жаш Айдар» ж.б. Эпитеттер ар түрдүү келет, анткени алар аркылуу туюндурулган эмоциялар да ар түрдүү мүнөзгө ээ. Айрым эпитеттер образдык элестерди туюндурса, айрымдары эмоциялык-ассоциативдик аныктооч болуу менен, символикалык маанилерди да туюндурат.

"Манас" эпосундагы көркөм каражаттардын арасында эпитеттер маанилүү роль ойнойт. Эпостун тилинде эпитеттин ар кыл түрлөрү пайдаланылып, алар тактыгы жана конкреттүүлүгү менен мүнөздөлөт. Чагылдырылып жаткан предметке же кубулушка жараша эпитеттер ар башка кызматтарды аткарат.

Эпитеттин стилистикалык кызматы эпостун көп кылымдык өнүгүүсүндө өзгөрүп отурган. Туруктуу эпитеттер эпос жаралган байыркы доорлордо эле пайда болуп, анын калыптануусунун кийинки мезгилдеринде өркүндөгөн. Көп учурда эпитет аныкталган зат менен бир татаал сөзгө биригип кеткен, мисалы, "акылман Бакай", "чоң Коңур" ж.б. Эпостогу айрым туруктуу эпитеттер аныкталгыч зат менен аллитерацияланып, уйкашып калат, мисалы, "канкор Коңур". Мындай көрүнүш эмоционалдуулукка алып келет.

Айтуучулар каармандардын идеалдуу көркөм образдарын түзүүдө айкын, элестүү эпитеттерди колдонушканы "айкөл Манас", "Акылман Бакай", "кайран энең Каныкей", «Кошой дөө», «арстан Алмаң», "чоң Жолой" сыяктуу мисалдардан көрүнөт. Эпитеттер кээде текстологиялык мүнөзгө ээ болот, бирок эпосто алар өзгөчө көркөм функцияларды аткарышат. Байыркы доорлордогу көптөгөн эпитеттерден типтүү мүнөзгө ээ болуп, элдик поэзия үчүн зарыл болгондору гана сакталып калган деген пикирге кошула алабыз.

Эпитеттердин туруктуулугу алардын абсолюттуу түрдө өзгөрүлбөстүгүн жана алмаштырылгыстыгын туюндурбайт. Бир эле обьект ар кыл эпитеттер аркылуу мүнөздөлүшү мүмкүн. Мисалы, Манас баатырга контекстке, кырдаалга жараша "айкөл", "кабылан", "арстан", "сырттан", "жолборс", «эр», «кыраан» ж.б. эпитеттер колдонулган. Бул жерде белгилей кете турган бир маселе бар. Эпостун поэтикалык формасынын синтаксистик түзүлүшүнүн бир түрдүүлүгү көп учурда эпитеттердин жардамы менен жөнгө салынып, бекемделет. Эпитеттерге байланыштуу эпостун поэтикалык формасы бир калыптагы мүнөзгө ээ. Ошондуктан эпитеттерди эпостун тилиндеги негизги стилистикалык жана функционалдык каражат катары эсептөөгө болот.

"Манас" эпосундагы "арстан", "шер", "кабылан", "жолборс" сыяктуу туруктуу эпитеттер кызыгуу жаратары белгиленет. Бул эпитеттер дээрлик бардык түрк тилдүү элдердин эпикалык чыгармаларына мүнөздү экени белгилүү. Алсак, казактардын "Алпамыш", "Кобланды", "Эр Таргын", өзбектердин "Алпамыш" сыяктуу эпосторунда, "Шах-намеде" "арстан", "жолборс", "шумкар" өңдүү салттуу туруктуу эпитеттер орун алган. Мындай туруктуу эпитеттер салттуу мүнөзгө ээ болуп, келип чыгышы жагынан байыркы болуп эсептелишет. Эреже катары, көптөгөн байыркы көз караштар кийинчерээк баатырдык эпостун поэтикалык каражаттарына айланып, эпикалык каармандын көркөм образын түзүүдө зарыл элемент болуп калат. Ушул жагдайга байланыштуу, алар дүйнө элдеринин көптөгөн эпосторунда кезигет.

"Манас" эпосунун көркөм системасынын мүнөздүү белгиси болуп анын бардык жактарынын өз ара тыгыз байланыштуулугу жана шартталгандыгы эсептелет. Кыргыз эпосунун узак жана татаал өнүгүү жолу да ушуну менен түшүндүрүлөт. Изилдөөчү С.Бегалиевдин "Манас" эпосунун көркөм каражаттары жана эмоционалдуу көркөмдүгү катып калган туруктуу көрүнүш эмес деген жыйынтыгына, эпостун поэтикалык каражаттары үзгүлтүксүз өзгөрүү, өнүгүү, баюунун үстүндө болот деген көз карашына толугу менен кошулууга негиз бар [2:50].

Демек, «Манас» эпосунун эң башкы белгиси болгон формасынын жөнөкөйлүгүнүн артында көп кылымдык эпикалык салт турат деп айтууга болот. Ал эми эпикалык салт - жансыз форма эмес, ал жаңы формалардын жаралышы жана чыгармачыл өнүгүү үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачып бере алган салт болуп саналат.

Адабияттар:

1. Абдыкеримова А. Сөздүн поэтикасынын айрым маселелери (лингвистикалык аспект). – Каракол, 2003.
2. Бегалиев С. О поэтике эпоса "Манас". - Фрунзе: Илим, 1968.
3. «Манас», 3-китеп. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1981.